Педагогикалык кеңеш
тарабынан кабыл алынган
Протокол № 1 «1» 09 2018-ж.

«Бекитемин»
Мектеп жетекчиси ________ Боркеев Э. Т.
«1» 09 2018-ж.

**Камчибек Шакиров атындагы Сынташорто мектебинин гуманитардык сабактардын «Улут сыймыгы - тил» усулдук бирикмесинин**

**2018-2019-окуу жылынын иш планы**

| № | Өтүлүүчү иш чара | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | **Сентябрь**<br>2018-2019-окуу жылына карата усулдук бирикменин иш планын бекитүү | 5.09 | Усулдук бирикменин мүчөлөрү |
| 2 | 23-сентябрь – Мамлекеттик тил майрамынын салтанаттуу линейкасын өткөрүү | 23.09 | Тейишова Ж.К. |
| 3 | «Эл байлыгы – эне тил» тарбиялык сааттарын өткөрүү | Ай ичи | Мугалимдер |
| 4 | Өтүлгөн иш чарага анализ берүү | 29.09 | УБнын мүчөлөрү |
| 1 | **Октябрь**<br>Кыргыз адабият жана орус адабият сабактарынан окуучулардын окуу техникасын текшерүү | Ай ичи | мугалимдер |
| 2 | Орус тилинин декадасын өткөрүү | Ай ичи | мугалимдер |
| 3 | Орус адабият сабагынан ачык сабак өткөрүү | 17.10 | Солтонкулова Н.Ж. |
| 4 | Орус тилинен ачык сабак | 17.10 | Койчуманова З.Э. |
| 5 | Срез алуу | 16-20.09 | Мугалимдер |
| 6 | Доклад угуу | 20.10 | Койчуманова З.Э. |
| 7 | Өтүлгөн иш чарага анализ | 31.10 | УБ мүчөлөрү |
| 1 | **Ноябрь**<br>Кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана орус адабияты, чет тили сабактары боюнча мектеп ичинде окуучулар | 8-17.10 | Мугалимдер |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | арасында олимпиада өткөрүү | | |
| 2 | Олимпиаданын жыйынтыгын чыгаруу | 22.10 | Мугалимдер |
| 3 | Кыргыз тили жана адабият сабактары боюнча ачык сабак | 30.10 | Кенжалиева М.З.<br>Тейишова Ж.К. |
| 4 | Доклад жасоо | 30.10 | Кенжалиева М.З. |
| 5 | Ай ичинде өтүлгөн иш чарага анализ берүү | 30.10 | Бирикменин мүчөлөрү |
| | **Декабрь** | | |
| 1 | Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгына карата ачык тарбиялык сааттарды өтүү | 12.12 | Класс жетекчилер |
| 2 | Доклад угуу | 18.12 | Алымкулова А.А. |
| 3 | Англис тилинен ачык сабак | 18.12 | Бекбатырова Б.К. |
| 4 | Кыргыз тили, орус тили сабактарынан тест алуу | 19-20.12 | Алымкулова А.А.<br>Тейишова Ж.К.<br>Кенжалиева М.З. |
| 5 | Өтүлгөн иш чараларга жыйынтык берүү | 27.12 | УБ мүчөлөрү |
| | **Январь** | | |
| 1 | I жарым жылдыкта өтүлгөн иш чаранын жыйынтыгын анализдөө | 12.01 | Бирикменин мүчөлөрү |
| 2 | Доклад жасоо | 13.01 | Алымкулова А.А. |
| 3 | Өтүлгөн иш чарага анализ | 31.01 | Бирикменин мүчөлөрү |
| | **Февраль** | | |
| 1 | Орус тили сабагынан ачык сабак | 15.02 | Солтонкулова Н.Ж. |
| 2 | Чет тили сабагынан ачык сабак | 20.02 | Бекбатырова Б.К. |
| 3 | Орус тилинен ачык сабак | 18.02 | Койчуманова З.Э. |
| 3 | Кыргыз адабиятынан, орус адабиятынан окуу техникасын текшерүү | 19-23.02 | мугалимдер |
| 4 | Өтүлгөн иш чарага анализ берүү | 28.02 | Бирикменин мүчөлөрү |
| | **Март** | | |
| 1 | Кыргыз адабиятынан, орус адабиятынан тест текшерүү | 12-15.03 | Алымкулова А.А.<br>Тейишова Ж.К.<br>Кенжалиева М.З. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | \ |
| 2 | Доклад угуу | 15.03 | Кенжалиева М.З. |
| 3 | Доклад угуу | 15.03 | Алымкулова А.А. |
| 4 | Ай ичинде өтүлгөн иш чараларга анализ берүү | 29.03 | Бирикменин мүчөлөрү |
| 1 | **Апрель**<br>Кыргыз адабият сабагы боюнча ачык сабак берүү | 9.04 | Кенжалиева М.З. |
| 2 | Кыргыз адабиятынан, орус адабиятынан окуу техникасын текшерүү | 10-12.04 | мугалимдер |
| 3 | Доклад угуу | 10.04 | Тейишова Ж.К. |
| 4 | Өтүлгөн иш чарага анализ | 30.04 | Бирикменин мүчөлөрү |
| 1 | **Май**<br>4-9-класстардын кыргыз тили, орус тили боюнча билим сапатын текшерүү, срез алуу, тест алуу | 6-11.05 | мугалимдер |
| 2 | 9-класстын окуучуларына кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты сабактары боюнча консультация өтүү | Ай ичи | мугалимдер |
| 3 | Усулдук бирикменин 2018-2019-окуу жылында өтүлгөн иш чарага жыйынтык чыгаруу | 27.05 | Бирикменин мүчөлөрү |

**К.Шакиров атындагы Сын- Таш орто мектебинин "Улут байлыгы-тил" усулдук бирикмеси 2018-2019-окуу жылы.**

## Талдоо

**Методикалык тема:»Окутуунун заманбап инновациялык ыкмаларын пайдалануу менен кеп маданиятын өнүктүрүү»**

**Милдеттер:**

1. Гуманитардык циклдин предметтерин изилдөөнүн натыйжасында окуучулардын жөндөмдөрүн ачуу жана алардын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн оптималдуу шарттарды түзүү.

2.Методикалык иштер, семинарлар, квалификацияны жогорулатуу курстары, тажрыйба алмашуу, өзүн-өзү тарбиялоо аркылуу мугалимдин кесиптик даярдыгынын деңгээлин жогоруталуу.

3 Окутуунун сапатын жогорлатуу.

4 Сабакта жана класстан тышкары иштерди окуучулардын таанып билүү активдүүлүгүн активдештирүү максатында заманбап педагогикалык технологияларды колдонуу.

5 Кыргыз элинин адепдик жана руханий-ыймандык дөөлөттөрүбүздү сактоо менен нравалык тарбия берүүгө жетишүү.

6 Таланттуу балдар менен иштөө формаларын өркүндөтүү

**Багыттар:**

1 Мугалимдер изилдөө жана көйгөйлүү окутуу методдорун колдонуу.

2 Натыйжалуу тестирлөө, анализдөө жана даярдоо ыкмаларын иштеп чыгуу.

3. Окуучулардын жазуу жана оозеки сүйлөө сабаттуулугун жогорулатуу, сөз байлыгын кеңейтүү.

4.Руханий ,адеп-ахлактык жана жарандык- мекенчилдикти ар тараптан өнүктүрүүгө көмөктөшүү

5.Сабактын жана класстан тышкаркы иштердин ар кандайтүрлөрүнө катышуу, конкурстарды, предметтик жумалыктарды,кечелерди өткөрүү аркылуу гуманитардык циклдын предметтерин окууга мотивацияны жогорулатуу.

6.Ачык сабактарга барууну талдоо.

7.Мугалимдердин ишмердүүлүгүн изилдөө.Методикалык жардам көрсөтүү.

8.Педагогикалык ишмердүүлүктү өркүндөтүү

Күтүлүүчү натыйжалар:

1.Билим сапатынын жогорулашы.

2.Окуучулардын тил үйрөнүүгө болгон таанып-билүү кызыгуусун жогорулатуу.

3.Мамлекеттик стандартка ылайык сабактарды окутууну өздөштүрүү

Максаттарды жана милдеттерди ишке ашыруунун формалары:

-методикалык семинарлар

-усулдук жумалыктар

-өз ара сабактарга катышуу

-мастер-класстар

-тегерек столдор

-ачык сабактар жана класстан тышкаркы иш-чаралар

«Улут байлыгы-тил» усулдук бирикмесинин мугалимдеринин курамы:

1. Иманалиева Л.М - орус тили жана адабияты мугалими
2. Бекбатырова Б.К .- англис тили мугалими
3. Алымкулова А.А.- кыргыз тили жана адабияты мугалими
4. Тейишова Ж.К.- кыргыз тили жана адабияты мугалими

5. Солтонкулова Н.Ж.- орус тили жана адабияты мугалими
6. Кенжалиева М.З.- кыргыз тили жана адабияты мугалими
7. .Койчуманова З.Э- орус тили жана адабияты мугалими
8. Ибраева Р.К –көркөм өнөр,технология,чийүү мугалими
9. Боркееев Э.Т.- дене тарбия мугалими
10. Жумагулов К.К.- музыка мугалими

2018-2019-окуу жылынын башында усулдук бирикменин жетекчиси Алымкулова А.А. бирикменин мүчөлөрүн чогултуп, алар менен бирдикте окуу жылында аткара турган иш чаранын планын бекитти .Чогулушта жаны окуу жылында окуу процессиндеги өзгөрүүлөр жөнүндө, сабактардын кыскартылышы же болбосо кошулушу жөнүндө талкуулашты. Жаңы усулдарды сабактарда туура колдонууну талкууладык . Окуучулардын китептер менен толук кандуу камсыз болуусун китепканачы билдирди .Бардык окуучулар окуу куралдары менен жабдылган .Быйылкы окуу жылында квалификацияны жогорулатуу курстарына баруу графиги түзүлдү.

Мамлекеттик тил күнүнө карата мектепте 23-сентябрь куну кыргыз тили жана адабияты мугалими Тейишова Ж.К. салтанаттуу линейканы окуучулар менен биргеликте өткөрдү. .Тилдин бир айлыгы жарыяланды .Ай ичинде мектеп мугалимдери ачык тарбиялык сааттардыөтүштү, ар бир класс дубал гезит чыгарышты.Тарбиялык сааттарда класстардын жоопкерчилик менен даярдангандары көрүнүп турду. Сабактар эстетикалуу, көркөм жана бай жабдылган. Мугалимдер интерактивдуу ыкмаларды колдонуу менен сабактарын эң жогорку деңгээлде өтүшкөндүгүн баса белгилеп кетүү керек. Тил майрамынын жабылышына карата линейка уюштурулду. Анда тарбиялык сааттарда көрсөтүлгөн кызыктуу сценкалар, «Манас» айтуу, обондуу ырлар аткарылды жана көркөм ырлар окулду.

Мектепте окууда өзгөчөлөнгөн окуучулар жана сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө планы түзүлгөн жана мектеп жетечилиги тарабынан бекитилген. Талантуу окуучулардын жана начар окуган окуучулардын тизмелери такталып, алар менен сабактардан кийин кошумча сабак өтүү жөнүндө макулдашылды. Талантуу балдар менен иштөөнүн негизги максаты бул- балдардын өсүшүнө шарт түзүп берүү, бардык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү. Окуучулар тематикалык конкурстарда, олимпиадаларга жана башка иш чараларга активдүү катышат. Өнүгүүнүн мониторинги жүргүзүлүп турат. Окуучулар менен иштөөнүн отчеттору мектептин завучуна тапшырылып турат. Ал эми окууну начарөздөштүргөн окуучулар менен иштөөнүн максаты бул – балдардын окууга болгон жоопкерчиликтүү мамилесин жөнгө салуу, билим алуусунун деңгээлин көтөрүү,

предметтен окуу материалын туура өздөштүрүүсүнө жардам беруу, Мугалимдер сабактарды начар өздөштүргөн окуучулар менен комплекстүү иштерди жүргүзүп келет. Сабак учурунда өзгөчө көңүл бөлүшүп, сабактардан кийин жекече иштерди жүргүзүшөт. Класстан тышкары иш-чараларга тартышат, мектептин коомдук иштерине катыштырышат.

Бирикмедеги мугалимдердин сабакөтүүсүнө өзгөчө көңүл бөлүнөт. Тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына жаш мугалимдерди ар убак тартып, сабактарда жаңы усулдарды колдонууга кеңештер берилип турат. Окуучулардын дептер жүргүзүүсү, каллиграфиясы, тапшырмалардын аткаруусу текшерилип турат

Планга ылайык окуучулардан тесттер, жазуу иштер алынып, билим деңгээли текшерет, мониторингжүргүзүлөт.

Предметтик жумалыктарөткөрүлөт. Анда ар кандай сынактар, ачык сабактар, кечелер, тегерек столдор уюштурулат.

Мугалимдер ачык сабактарды өтүштү. Предметтик мугалимдер сабактарга өз ара барууну уюштуруу менен дагы квалификациясын жогорулатышты.

Класстан тышкаркы иш-чаралар :

1.Предметтик олимпиадалар. Окуучулардын сабактарга болгон кызыгуусун арттыруу, таланттуу балдарды аныктоо максатында мектепке предметтик олимпиадалар өткөрүлүп, жыйынтыгында жеңүүчүлөр райондук олимпиадаларга катышышты.

2.Предметтик жумалыктар. Бекитилген планга ылайык орус тили жана англис тили жумалыктары откорулду. Жумалыктарда орус тили жана адабияты мугалимдери-Иманалиева Л.М.,Солтонкулова Н.Ж. ,Койчуманова З.Э жана англис тили мугалими Бекбатырова Б.К. ачык сабактарына мугалимдер катышышты. Сабактар абдан кызыктуу, заманбап ыкмаларды колдонуу менен болуп өттү. Бардык окуучулардын активдүүлүгү белгиленди. Жогорку класстар арасында дубал гезит сынагы өткөрүлдү. Ватман кагаздарына сүйүктүү орус акын-жазуучулары жөнүндө жазышты, сүрөттөрүн тартышты. Ар бир класс өзүнүн чыгарган дубал гезиттерин жакташты. «Орус тил сабагынан мыкты дептер» сынагына бардык класстардын окуучулары катыша алышты. Окуучулардын каллиграфиясына, туура, таза, катасыз жазган окуучуларга алкыш айтылды. Көркөм окуу сынагына ар бир класстан эки –үч көркөм окуу жагынан мыкты окуучулар тандалып алынып,сынакка катышышты. Жумалыктын ар бир күнү кызыктуу,мазмундуу жана жемиштүү болду. Жоопкерчилик менен даярданган

окуучуларга ыраазычылык билдирдик.  Жумалыктын жыйынтыгына 10-класстын окуучулары жеңишке ээ болушту.

3.Район ичинде өтүлгөнсынактар..

Усулдук бирикменин бардык чогуштары  иш планына ылайыкөткөрүлдү.Чогулуштардын чечимдеринин аткарылышы көзөмөлгө  алынып,окуучулардын билим сапаты такай текшерилип турду. Мугалимдер методикалык темалардын үстүндө жигердүү иштеп жатышты.Окуучулардын билим сапаты жана даярдыгы канааттандырарлык денгээлде жана ырааттуу иштөөнү талап кылат. Класстан тышкаркы иштер өтүлүп  жатты.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде 2018-2019-окуу жылында мектептин "Улут байлыгы-тил" усулдук бирикмесинин иши жакшы деп табылды жана төмөндөгүдөй чечим кабыл алынды:

-Ар бир мугалим иш тажрыйбасын жалпылап, кесиптик дэңгээлин көтөрө  билиши керек;

-Начар окуган окуучулар менен тутумдуу иш алып баруу, алардын билиминдеги кемчиликтерди байкоо , аларды жоюуну пландаштыруу,билим сапатын жогорулатууга умтулуу.

-мугалимдин ишине мониторинг жүргүзүүнү  улантуу;

-балдарды предметтик олимпиадаларга катыштыруу үчүн кылдаттык менен даярдоо;

-бири-бирине   тажрыйбалар менен бөлушүү

## К.Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин

## «Улут сыймыгы -тил» усулдук бирикмесинин жыйналышы

## ПРОТОКОЛ №2

29.09.2018 Катышты- 3 УБнын мүчөсү

Жыйналыштын төрайымы: Алымкулова А.А.

Күн тартиби:

1. Мамлекеттик тилдин линейкасына анализ.
2. Мамлекеттик тил күнүнө өткөрүлгөн конкурска анализ берүү.

Биринчи маселе боюнча УБнын жетекчиси Алымкулова А.А. сүйлөдү:

- Сентябрь айына план боюнча Мамлекетик тил майрамынын линейкасын жана конкурс өткөрүү болчу. Мамлекеттик тилдин бир айылыгынын ачылышын кыргыз тили жана адабияты мугалими Кенжалиева Мээрим Зооттбековна өттү. Линейка жогорку деңгээлде өттү. Мектептин 5, 6 жана 9-класстардын окуучулары катышышты. Алар «Манас» эпосунан үзүндү, көркөм окуу, тил жөнүндө накыл сөздөрдү айтышып, чакан инсценировканы көрсөтүштү жана кыргыз элдик ырларды ырдашты. Линейкага атышкан окуучуларга жана даярдаган эжейине ыраазычылык билдирдик.

Экинчи маселе боюнча мектептин жетекчиси Иманалиева Л.М.. сүйлөдү:

- Мамлекеттик тилдин 28 жылдыгына карата мектепте конкурс өткөрүлдү. Ага мектептин бардык класстарынын окуучулары катышышты. Конкурска ар бир класс жоопкерчилик менен дарданганы көрүнүп турду. КРнын гимнин аткаруу менен конкурс башталды. Айтылган көркөм окуулары абдан жакшы. Накыл сөздөрдөн, макалдардан көп айтышты. «Манас» эпосунан үзүндүлөрдү жогорку денгээлде айтышты, бирок 9-класстын окуучулары айтышкан жок. Обондуу ырдарды аккордеондун коштоосун менен аткарышты. Жыйынтыгында 7-класстын окуучулары I орунга, 8-класс II орунга, ал эми 5-класстын окуучулары III орунга ээ болушту. Класстарды конкурска даярдаган класс жетекчилерге ыраазычылык билдиребиз.

Чечим: Сабактарды өз убагында, кечиктирбей өтүү жана жоопкерчилик менен даярдануу.